# Менин Конституциямдагы менин жергиликтүү өз алдынча башкаруум



Конституциянын жаңы редакциясынын
баштапкы редакциядан айрмачылыктары

Эртеңки күндүн суроолору

Шайлообу же дайындообу? ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнүн
социологиялык блиц-сурамжылоонун натыйжалары

**Менин Конституциямдагы менин жергиликтүү өз алдынча башкаруум**

Басып чыгаруучу: Өнүктүрүү саясат институту
Иштеп чыккандар: Бекболот Бекиев, Анарбек Исмаилов, Надежда Добрецова, Сабина Градваль.

Жалпы редакция: Улара Нарусбаева, Дамира Сульпиева, Курманбек Дыйканбаев, Асель Мамбетова.
Кыргыз тилине которгондор: Нургүл Жаманкулова, Мырзакат Тыналиев

**Бул басылма БУУнун Өнүктүрүү Программасынын жана АКШнын Элчилиги астындагы Демократиялык комиссиянын каржылоосу менен жарык көрдү. Басылмадагы айтылган ойлор жана көз караштар каржылоочу тараптардын ойлору жана көз караштары менен сөзсүз эле дал келе бербейт.**

## Өнүктүрүү саясат институту

ӨСИ — бул мыйзам иштеп чыгуу, мамлекеттик жана муниципалдык башкаруунун өнүгүүсү, стратегиялык пландоо, экономикалык өнүгүү жана маалымат алмашуу чөйрөлөрүндө көп жылкы иш тажрыйбасына ээ болгон эксперттерден түзүлгүн уюм.

ӨСИ миссиясы — Кыргыз Республикасынын жана децентралдаштыруу жана өз алдынча башкаруу, жергиликтүү экономикалык өнүгүү жана жергиликтүү маанидеги кызматтарды өнүктүрүү, маалымат чөйрөсүн кеңейтүү жана экономикалык журналистиканы өнүктүрүүнү колдогон эл аралык донор уюмдарынын жетишкендиктерин андан ары улантуу.

ӨСИ — бул Урбан Институтунун USAID колдогон муниципалдык өнүгүүнүн 10 жылдык иш-аракетин улантып кетүүчү уюм.

**ИНСТИТУТТУН ИШ-АРАКЕТТЕРИНИН БАГЫТТАРЫ:**

- Саясий, административдик жана финансылык децентралдаштыруу.
- Улуттук жана жергиликтүү мыйзам чыгаруу.
- Мамлекеттик жана жергиликтүү финансыларды башкаруу.
- Жергиликтүү экономикалык өнүгүү.
- Коомдук мүлктү башкаруу жана коомдук жана жеке секторлордун өнөктөштүгү.
- Муниципалитеттерди өнүктүрүү жана алга карай жылдыруу.
- Муниципалдар аралык катнаштар жана байланыштар.
- Маалымат алмашуу жана жарандардын катышуусу.
- Турак-жай саясаты жана турак-жай ээлеринин кызматташтыгы.
- Экономикалык журналистика.
- Аймактык (жергиликтүү) ММК өнүктүрүү.

## Урматтуу Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилери жана кызматкерлери, шаар жана айыл тургундары!

Биздин бардыгыбыздын алдыбызда маанилүү кадам жасоо – өлкөнүн жаңы Конституциясынын тагдырын чечүүчү референдумга катышып, өз добушубузду берүү милдети турат. Эң негизги мыйзам катары, Конституция, жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрдү, биздин жашообуздун бардык эрежелерин, анын ичинде, жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасысынын чектерин түзөт. Коомдук уюмдардын жана көз карандысыз эксперттердин бирдиктүү аракеттери менен, жаңы Конституциянын мурдагы Конституция менен болгон маанилүү айырмачылыктарынын кыска обзор , коомчулуктун бардык өкүлдөрүнө жаңы Конституция ЖӨБ системасынын негизине кандай база коюп, кандай жаңы мүмкүнчүлүктөр менен камсыздап жаткандыгын айкын териштирип алуусуна көмөк катары даярдалды. Басылманын биринчи бөлүгү так ушул суроолорго арналган.

Басылманын экинчи бөлүгү бизди андан ары, эртеңки күнгө алып кетүү менен бирге, ал күн менен байланышкан суроолордун үстүнөн ой жүгүртүүгө түрткү берет. Жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата болгон Конституциялык жобо, ЖӨБ жөнүндө жаңы мыйзамды өзгөчө кылдаттык жана терең ойлонулган мамиле менен иштеп чыгууну талап кылуучу түрдө берилген. Жалгыз гана мыйзам ЖӨБ органдарынын реалдуу иштөө механизмин аныктай алат, жана, ошол себептен, эң татаал суроолор жана маселелерге болгон өз көз карашыбыз тууралуу биз бүгүн ойлоно башташыбыз керек. Биз, өзүбүздүн оюбуз боюнча, мыйзам иштеп чыгуучулардын алдында мүмкүн болгон эң маанилүү маселелерди карап чыгып, аларга өзүбүздүн ЖӨБ органдары менен болгон иш тажрыйбабыздын негизинде жооп берүү аракеттерин жасадык.

Албетте, бул маселелер тууралуу сиздин жеке пикириңиз болушу мүмкүн, жана ал биздин бул басылмада берген ой-пикирлерибиз менен дал келбей калышы мүмкүн. Бирок бул китепченин максаты – акыркы инстанциядагы чындыкты аныктоо эмес, анын ордуна жергиликтүү кеңештердин жана мамлекеттик кызматкерлердин профессионалдык чөйрөсүндө жана коомчулугунда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун эртеңки күнүнө карата конструктивдик кызыгууну жаратуу болгон.

Аталган басылма биринчи кезекте ЖӨБ тармагындагы кызматкерлерге жана көз карандысыз эксперттерге багытталган. Биз ЖӨБ системасынын эртеңки келечеги тууралуу талкуууга активдүү катышууңузду өзгөчө баалайбыз, себеби сиз жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бардык

өзгөчөлүктөрүн жакшы билесиз жана сиз калктын калың катмарына идеяларды жана реформаларды жеткирүүчү (ретрансляциялоочу) болуп эсептелесиз. Сиз азыркы мезгилде кайсы позициядан орун алгандыгыңыздан, Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүүсү жана децентралдаштыруусунун мындан аркы тагдыры көз каранды.

2000-жылдан кийин Кыргызстан жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүдө анык алга жылуу кадамын жасап, кээ бир жерлерде бир катар көзгө көрүнөрлүк алгылыктуу ийгиликтерге жетише алды. Бул ийгилик бардык эле жерде байкала бербегендиги, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун каршылаштарына ЖӨБ системасынын өнүгүү горизонтторун тар кылып көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн берип койду. Бүгүнкү күндө жаңы Конституция бизге өзүбүз жетишкен деңгээлге кайрылып барып, андан ары алга карай жылуубузга жол салып жатат.

Биз, Кыргызстандын ЖӨБ тармагындагы профессионалдар, коомчулуктун кеңири катышуусу менен, жергиликтүү иштерди башкаруунун жетишерлик эффективдүү системасын түзүү мүмкүнчүлүгүн камсыздай турган мыйзамкерчилик негизин кабыл алууга, цивилизациялык талкуу аркылуу өздөрү да даярданып, аны менен катар коомчулуктун да пикирин даярдай ала тургандыгына терең ишенебиз.



# Конституциянын жаңы редакциясынын баштапкы редакциядан айрмачылыктары

## Жергиликтүү өз алдынча башкаруу түшүнүгү

Убактылуу Өкмөт тарабынан 2010-жылдын 27-июнундагы референдумга талкууга алынып чыга турган Конституциянын долбоорунда, 2007-жылдын 23-октябрындагы Конституциядан орун алган ЖӨБ тууралуу маселелер боюнча Конституциялык жоболордун олуттуу өзгөрүүлөрү каралган.

Ошону менен катар, Конституциянын жаңы долбоорунда **«жергиликтүү өз алдынча башкаруу»** деген түшүнүк толук жана так келтирилген, жана анын негизинде, аталган Конституция кепилденген жергиликтүү коомчулуктун өз алдынча өз кызыкчылыгын коргоо максатында жана өз жоопкерчилиги астында жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү укугу жана реалдуу мүмкүнчүлүгү айтылган. Бул аныктама «жергиликтүү өз алдынча башкаруу» деген түшүнүктүн негизги белгилерин камтыйт. өзгөчө белгилей кетчү нерсе, бул Конституциянын долбooруна ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул **Конституция тарабынан кепилденген укук гана эмес,** бирок ошону менен бирге эле, Конституция тарабынан жергиликтүү коомчулуктун өз алдынча жана өз жоопкерчилигинин астында жергиликтүү өз алдынча бакшарууну жүргүзүүгө кепилдендирилип берилген **реалдуу мүмкүнчүлүк.**

## Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын системасы жана иерархиясы (вертикалы)

Конституциянын долбоорунда өкүлдөр жана аткаруучу ЖӨБ органдары гана кирген жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын так системасы жана иерархиясы (вертикаль) коюлган. Бирок ошол эле убакта, ЖӨБ аткаруу органдары жана кызматкерлер жергиликтүү кеңештерге башиет.

ЖӨБ органдарынын системасын аныктоочу Конституциянын «эски» нормасында «бөлөк» органдарга шилтеме жасалып, анын натыйжасында, жергиликтүү коомчулук өкүлдөрү тарабынан түзүлгөн аймактык коомчулук өз алдынча башкаруу (ТОС) жана башка ушул өңдүү уюмдардын органдарын кошуу аркылуу ЖӨБ органдарынын санын көбөйтүү мүмкүнчүлүгүн камтыган. Ошону менен бирге эле, ТОС органдары жана башка аталган уюмдарды бийлик укуктары менен камсыздоо аракеттерин жасашкан, жана бул нерсе туура эмес болучу, себеби, ТОС органдары жана жергиликтүү коомчулук өкүлдөрү тарабынан түзүлгөн уюмдар жергиликтүү бийлик органдарынын катарына кирбейт. Анын жыйынтыгында, алар ЖӨБ органдарынын системасына киргизилиши мүмкүн эмес.

Мындан сырткары, Конституциянын долбooруна ылайык, ЖӨБ органдарынын системасына мындан ары ЖӨБ органдарынын кызмат кишилери кирбейт. «Эски» редакцияда органдар менен кызмат кишилери барабарлаштырылып, бир тепкичте турган, жана бул нерсе туура эмес болучу, себеби кызмат кишиси – болгону белгилүү бир милдеттенмелерди аткаруучу физикалык тарап болуп, ал башкаруу органдарына эч бир себептен бирдей даражада болбойт. Жаңы редакция бул коошпостукту алып салды.

ЖӨБ аткаруучу органдарынын аталыштарын унификациялоо (бирдейлештирүү) максатында, жаңы Конституция долбоорунда поселкалык жана шаардык башкармалык деген түшүнүктөр алынып салынып, аталган административдик-аймактык бирдиктерде ЖӨБ аткаруучу органдарын айыл өкмөтү жана мэрия деп атоо сунушталат.

## Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын түзүү ирети

Конституциянын долбоорунда жергиликтүү кеңештердин депутаттарын түздөн-түз шайлоо жолу сакталып калууда. Олуттуу өзгөрүүлөр ЖӨБ аткаруучу органдарынын жетекчилерин шайлоо жоболорунда берилүүдө. «Эски» Конституцияда айылдык округдардын, поселкалардын жана райондук маанидеги шаарлардын башчылары жергиликтүү кеңештердин депутаттары тарабынан, жергиликтүү мамлекеттик администрация башчысынын сунуштоосу менен, мыйзам тарабынан каралган шарттарда, ал эми шаар мэрлери жергиликтүү кеңештердин депутаттары тарабынан Президенттин сунуштоосу менен шайланары каралган. Конституциянын жаңы долбоорунда «жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчылары мыйзамда каралган шартка ылайык шайланат» деген багыттама бар. Башкача айтканда, ЖӨБ аткаруучу органдарынын башчылары шайлоо аркылуу келишет, бирок кандай жол менен — түзбү же кыйыр шайлоолор аркылуу - экендиги кийинки мыйзамда аныкталат.

Ошондой эле, өзгөчө белгилей кетчү нерсе, Конституция долбоорунда, айылдык округдардын, поселкалардын жана райондук маанидеги шаарлардын башчыларын эмес, аткаруучу органдардын башчыларын, башкача айтканда, муниципалдык аймактардын жетекчилерин шайлоо сунушталат. ЖӨБ аткаруучу органдарынын башчылары — аймактардын эмес, ошол органдардын башчылары болуп эсептелет.

## Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун каржылоосу

Колдонулуп жаткан Конституциядан айырмаланып, жаңы долбоор, жергиликтүү өз алдынча башкарууну каржылоо бир гана жергиликтүү бюджеттен эмес, ошондой эле республикалык бюджеттен да каржылана тургандыгын да түздөн-түз карап чыгуу керек экендигин сунуштайт.

Мындан сырткары, Конституция долбоорунда, башкаруунун ачык-айкындуулук принцибин жана анда коомчулуктун катышуусун, жана, ошондой эле, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жергиликтүү бюджетти түзүүдө жана аткарууда жергиликтүү коомчулуктун алдында отчеттуулугун Конституциялык жол менен бекитүү сунушу киргизилген.

## Мамлекеттик укуктарды ыйгаруу ыкмалары

Конституциянын долбоорунда, мамлекеттик укуктарды мыйзамдын гана негизинде эмес, бирок келишимдин негизинде да өткөрүп берүү мүмкүнчүлүктөрү каралган. Бул ЖӨБ органдарына, зарыл жана кызыкдар болгон учурда, өз алдынча мамлекеттик органдар менен кээ бир мамлекеттик укуктарды ыйгарып өткөрүп берүү мүмкүнчүлүгүн берет.

# ЭРТЕҢКИ КҮНДҮН СУРООЛОРУ

## Кыргызстанда ЖӨБ аткаруучу органдарынын башчыларын шайлоонун (дайындоонун) бирдиктүү системасы болушу керекпи же ар бир аймактын өз эрежелери болушу мүмкүнбү? Коомчулукка кайсы система туура келе тургандыгын аныктоону өзүнө берүү керекпи, же бирдиктүү системаны улуттук деңгээлде бекитип коюу туурабы?

Конституциянын долбоору келечекте ЖӨБ тууралуу жаңы мыйзам кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн камсыздоодо. Бул мыйзам аткаруу органдарынын түзүлүү жаңы системасын, анын ичинде, ЖӨБ аткаруу органдарынын башчылары (шаарлардын мэрлери, айылдык жана поселкалык башкармалардын жетекчилери) кандай ыкма менен — калктын катышуусу менен түз шайланышыбы, же жергиликтүү кеңеш тарабынан (кыйыр) шайланышы керекпи деген суроого жооп бериши керек.

Дагы бир варианты бар: аткаруу органдын башчысын жергиликтүү кеңеш же анын төрагасы тарабынан дайындоо (жергиликтүү кеңеш тарабынан соңку бекитүү менен).

Демек, системаны жаңы мыйзам аныктайт. Бирок, мындай тандоонун (дайындоонун) ыкмасын жана жападан жалгыз түзүлүштү (мэрди же шаар башкармалыгынын жетекчисин тандоо же дайындоо) кабыл алууга биз милдеттүү эмес экенибизди билишибиз керек. Аталган кызмат кишилерин тандоо же дайындоо жолунун эркиндигин мыйзам жергиликтүү коомчулуктун өзүнө берип койсо деле болмок.

Эгер жергиликтүү коомчулук өз алдынча тандоонун конкреттүү ыкмасын табуу боюнча кыйналып жатса (түз же кыйыр шайлоолор, же дайындоо жолу жергиликтүү кеңеш тарабынан дайындоо, же кеңештин төрагасы

тарабынан, жергиликтүү кеңештин соңку бекитүүсү менен), анда мыйзам жобосу өз күчүнө кирет.

Ал эми, аткаруу органдарынын башчылары түз же кыйыр шайлоолор аркылуу тандалып алынуусу керек экендиги тууралуу айтсак, анда мыйзам төмөндөгүдөй бекитип койсо да болмок:

«Эгер, белгилүү бир жергиликтүү коомчулуктун Уставы тарабынан башка ыкма бекитилбесе, анда мэрлер жана шаар башкармачылктардын жетекчилери жергиликтүү кеңеш тарабынан шайланат. Тандоо шарттары, мэрдин жана шаар башкармалыгынын жетекчисинине кызмат ордуна карала турган кандидаттарга болгон талаптар, шайлоо ыкмасы жергиликтүү кеңештин, жергиликтүү кеңештин жалпы санынын үчтөн-эки бөлүгүнөн кем эмес добуш аркылуу чечими же Уставы менен аныкталат».

Бул келечектеги Мыйзамды абдан ийкемдүү жана демократиялуу, ал эми эң негизгиси, туруктуу кыла алат. Мындай Мыйзам ар бир жергиликтүү коомчулукка өзүнө гана тийиштүү болгон маанилүү маселелерин өз алдынча, борбордук органдардын кийлигишүүсү жок эле чечип алуу мүмкүнчүлүгүн берет. Мындай Мыйзамды кабыл алуу менен, келечектеги Жогорку Кеңеш ар түрдүү жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарына көңүл буруп жаткандыгын көрсөтүп, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун идеясын баса белгилейт.

## Өлкөдө башкаруунун канча деңгээли болушу керек?

Азыркы күндө өлкөбүздө башкаруунун төрт деңгээли бар экендиги жакшы маалым: республика – облус – район – жергиликтүү коомчулук/жамаат (шаар же айылдык округ). Биринчи үч деңгээл мамлекеттик башкаруунун билдирет. Төртүнчүсү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун принциптеринде жетектелет.

Көпчүлүк эксперттердин ою боюнча, биздин өлкөбүзгө башкаруунун үч эле деңгээли жетмек: мамлекеттик башкаруунун эки деңгээли, ал эми үчүнчү деңгээл - жергиликтүү өз алдынча башкаруу. Мамлекеттик башкаруунун, мисалы, эки деңгээлин гана - республикалык жана райондук - калтырууну карап көрүү да ылайыктуу. Себеби, Кыргыз Республикасындагы райондор - бул салыштырмалуу туруктуу административдик-аймактык түзүлүштөр, жана алар мамлекеттик функцияларды салыштырмалуу туруктуу негизде аткарууну камсыздап жаткан органдар.

Райондук кеңеш, мамлекеттин жана жергиликтүү калктын кызыкчылыктарын айкалыштырган орган катары, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун иллюзиясын туудуруп, бирок ал кайра түзүүнү талап кылып жаткандыгы, себеби ал өзүнүн түзүлүшүнө (депутаттарды түз шайлоо) жана «багылуусуна» (мамлекеттик салыктардан каралган атайын төлөмдөр системасы, жана коркунуч туудуруучу - жергиликтүү салыкка кол салуу мүмкүнчүлүгү) ашыкча (жана керексиз) чыгымдарды сарптайт деген сыяктуу ой-пикирлер бар.

Канткенде дагы, мамлекеттик бийликтин жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен катнашуу системасынын бар болуу зарылчылыгы сакталып келет. Ал үчүн территориалдык (райондук) кеңешүүчү, райондун жергиликтүү мамлекеттик администрациясы менен иш алып барган (мисалы, акимди дайындоого макулдугун берген, анын отчетторун уккан, ишенбестик көрсөткөн) орган түзсө болот. Бул орган шаардык жана айылдык (поселкалык) муниципалдык (айылдык) округдардын жергиликтүү кеңештери тарабынан, өз араларындагы депутаттардын арасынан, аларга ыйгарым укуктарды берүү менен ал органга өткөрүү аркылуу түзүлүшү керек. Бул жаңы райондук кеңештин депутаттары ар бир жергиликтүү кеңеш тарабынан шайланмак (мисалы, ар бир кеңештен бирден же экиден депутат), жана эки - жергиликтүү жана райондук - кеңештин тең депутаттары болмок.

Мындай принциптердин негизинде жергиликтүү кеңештерден депутаттарды делегаттоо принциптерин түзүү райондук деңгээлди алда канча жөнөкөйлөтөт жана чыгымдарын азайтат жана өзгөчө маанилүүсү, район менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ортосундагы керексиз атаандаштыкты түзбөйт, себеби, делегатталган депутат өзүнүн жергиликтүү жамаатынын жана кеңештин кызыкчылыктарын коргойт.

## Жергиликтүү маанидеги маселелерди кантип өзгөртүү керек?

Конституциянын долбоору "жергиликтүү маанидеги маселе" деген эмне экендигин тактабайт жана ошондуктан маселелерди жергиликтүүгө жана мамлекеттикке бөлүү маселеси өтө курч болуп калат. "Жергиликтүү маанидеги маселе" термини жөнөкөй сыяктуу көрүнгөндүгүнө карабастан, анын мазмунунан ЖӨБгө оордуктун көлөмү көз каранды. Иш жүзүндө, коомдук турмуштун ар бир маселеси – бул мамлекеттик маанидеги да, жергиликтүү маанидеги да маселе. Мисалы, саламаттыкты сактоо же билим берүү маселелери – бул мамлекеттик маанидеги маселелер, бирок алар жергиликтүү жамаат үчүн да маанилүү. Бир караганда жергиликтүү гана маселедей көрүнгөн калктуу пункттун аймагын көрктөндүрүү сыяктуу маселе жалпы мамлекеттик маанидеги маселелерге киргизилген санитария, курулуш нормалары жана эрежелери, курчап турган чөйрөнү коргоо, жерди пайдалануу жана сууну пайдалануу сыяктуу башка маселелер менен аралашып кетет. Мына ошондуктан Конституцияда "жергиликтүү маанидеги маселелер" түшүнүгүнүн кеңирилигинен пайдалануу менен мыйзам чыгаруучу алардын катарын кеңейтүүнү чечиши тобокелчилиги бар. Эмне үчүн? Бир нече себептерден улам: а) аткаруу бийлигинин кысымы астында, б) республикалык бюджетти "ашыкча жүктөн" арылтуу максатында.

Бул тобокелчиликтен улам жергиликтүү маанидеги ар бир маселени өтө тыкан баалоого туура келет. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишмердүүлүгүнүн ар бир чөйрөсүн бул чөйрөнүн көйгөйлөрүн натыйжалуу чечүү үчүн жергиликтүү жамаатта өз күчтөрү жана каражаттары жетиштүүбү,

деген көз караштан кароо керек. Анын наркынан улам бул маселени жергиликтүү жамааттын карамагына берүүнүн максатка ылайыктуулугун да эске алуу керек.

Башкы идея ЖӨБ деңгээлинде чечилүүчү маселелердин чөйрөсүн ЖӨБдүн шаардык же айылдык түрүнө жараша өзгөртүү зарылдыгында турат. Шаардык өз алдынча башкарууда чечүүчү маселелердин чөйрөсү кеңири же тар (шаардын өлчөмүнө жараша) болушу керек, бирок айылдык өз алдынча башкаруудан айырмаланып турушу айкын.

Дагы бир идея – жергиликтүү маанидеги маселелерди милдеттүүлөргө жана кошумча ыктыярдууларга бөлүү. Милдеттүү маселелер – алардын жергиликтүү жамааттар үчүн күнүмдүк зарылдыгынан улам башка деңгээлде (мисалы, райондук) натыйжалуу жана арзан чечүүгө мүмкүн эместери. Демек, жергиликтүү маанидеги милдеттүү маселелер катары, мисалы: таштандыны чыгаруу, көчөнү жарыктандыруу, көрүстөндөрдү кароо жана башкаруу, айрым бир справкаларды түзүү жана берүү, муниципалдык менчикти башкаруу болушу мүмкүн.

Кошумча ыктыярдуу маселелер – бул күн сайын аткарууну жана көзөмөлдү талап кылбаган: жарнакты жайгаштыруу, улуттук искусствону жана өнөрдү колдоо, ишкердикти өнүктүрүү сыяктуу маселелер.

Маселелерди милдеттүүлөргө жана кошумчаларга бөлүүдө алгачкы убакта ЖӨБдүн гана кароосуна берилген 23 маселеден турган учурдагы маселелердин тизмесине таянуу керек. Бирок аларды кыскартуу жана редакциялоо зарыл. Мисалы жылуулук менен жабдуу маселесинин кымбаттыгынан, жана адамдык жана техникалык ресурстардын жетишсиздигинен улам, ал айылдык ЖӨБ деңгээлинде чечиле албайт. Андан кийин кыскартылган редакцияланган тизмени ЖӨБдүн түрүнө (шаардык же айылдык) жараша милдеттүүлөргө жана кошумчаларга бөлүү керек.

## Жергиликтүү маанидеги маселелерди өз алдынча чече алууда ЖӨБдүн материалдык жана финансылык мүмкүнчүлүктөрүн күчөтүү үчүн кандай чараларды көрүү керек?

Эң жөнөкөй ыкма – бул мыйзамдык деңгээлде бюджеттик мамилелерди кайра кароо, ошондой эле мамлекеттик салыктардан жергиликтүү бюджеттерге которууларды көбөйтүү. Бирок республикалык да, ошондой эле, жергиликтүү да бюджеттердин толукталышынын проблемаларын эске алуу менен бул ыкманы колдонууга болбойт. Финансылык борбордон четтетүүнү (башкача айтканда ЖӨБдүн бюджеттик өз алдынчалуулугун күчөтүүнү, бюджеттерди толтуруунун булактарын так бөлүштүрүү жана түрткү берүүчү жана теңдештирүүчү трансферттердин ачык системасын киргизүүнү) муниципалдык заемдор системасына түрткү берүү практикасын киргизүү менен айкалыштыра алган комплекстүү мамиле зарыл.

## Айыл өкмөттөрүн ирилештирүү керекпи?

Бул суроого бир жактуу жооп жок, себеби ирилештирүү маселеси ЖӨБдүн натыйжалуулугу менен түздөн-түз байланышкан. Мындан тышкары, муниципалитетке кирген калктуу пункттардын саны, калктуу пункттардын ортосундагы аралык, калктын саны сыяктуу шарттар менен түз байланыш бар. Муниципалитет жана анын аймагы канчалык чоң болсо, башкаруучулук проблемалары ошончолук көп, ошондой эле бюрократиялык башкаруучулук процесстери да күчтүүрөөк. Буга объективдүү муктаждыкты сезишкен муниципалитеттердин ыктыярдуу биригиши эң жакшы жол катары көрүнөт. Мамлекет өз тарабынан болочокто биригкен жамааттарга максаттуу гранттарды берүү аркылуу муниципалитеттердин биригүүсүнө экономикалык көз караштан алганда натыйжалуу түрткү бере алмак. Бирок бул республикалык бюджеттин стабилдүүлүгү жана толуктугу шарттарында гана мүмкүн болот.

## Жергиликтүү кеңештерге депутаттыкка талапкерлерге карата кандай талаптар коюлушу керек?

Жаш курагы цензинен (21 же 23 жаш), жашаган жеринен (жашоо цензи), жин-психикалык ооругандыгы, алкоголдук же баңгизатка көз карандуулугу жоктугунан башка, кандайдыр-бир бөлөк талаптарды коюп кереги жок. Ашыкча талаптар, мисалы, жогорку билим, башкаруу тажырыйбасы адам укуктары көз карашынан да, күндөлүк турмуш көз карашынан да өзүн актай албайт. Шайлоочулардын табыштамаларын аткарбагандык үчүн, аны шайлаган калк тарабынан кайра чакыртып алуу мүмкүнчүлүгүн белгилөө алда канча жөнөкөй.

Бирок кеңештин төрагасы үчүн кошумча критерийлерди иштеп чыгуу керек, себеби анын кызматы жоопкерчиликтин чоң деңгээлин талап кылат.

## Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын кайра чакыртып алуунун механизмдери керекпи? Эгерде керек болсо, кандайлар? Кандай негиздер жергиликтүү кеңештин депутатын кайра чакыртып алуунун себеби болуп кызмат кыла алат?

Жергиликтүү кеңештердин депутаттары үчүн шайлоочулардын табыштамаларынын системасын жана депутатты кандайдыр бир мыйзам бузуу үчүн гана эмес, ошондой эле өз шайлоочуларынын табыштамаларын аткарбагандыгы үчүн да кайра чакыртып алуу системасын орнотуу зарыл. Бул депутаттардын жоопкерчилигин алда канча жогорулатат (мыйзамда депутаттарды кайра чакыртып алуунун тартиби жөнүндө так жоболор болгондо).


Бирок бул талап жаңы мыйзамда көрсөтүлүүчү жергиликтүү


кеңештердин депутаттарын шайлоонун системасына жараша: партиялык тизмелер боюнча (мисалы, ири шаардык муниципалитеттер үчүн) же бир мандаттуу же көп мандаттуу округдар боюнча (айылдык муниципалдык округдар үчүн) өзгөртүлүүгө тийиш.

## ЖӨБдүн аткаруу органдарынын жетекчилеринин кызматына талапкерлерге карата кандай талаптар коюлушу керек?

Аткаруу органдарынын башчыларынын ролу өтө чоң, жана, ошондуктан, бул кызматтарга талапкерлерге карата коюлган талаптар, жергиликтүү кеңештердин депутаттарына караганда катуураак коюлушу керек. Биздин көз карашыбыз боюнча милдеттүү билимдик ценз (жогорку билимдин болушу), башкаруу тажрыйбасына талаптар же жөн эле муниципалдык же мамлекеттик кызматтын кандайдыр-бир стажы керек.

## Шайлообу же дайындообу? ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүн социологиялык блиц-сурамжылоонун натыйжалары




ЖӨБ органдарынын жетекчилерин шайлоолордун же дайындоолордун механизмдерине болгон мамилеси жөнүндө социологиялык блиц-сурамжылоого Кыргыз Республикасынын бардык облустарынын 38 районунун 24 шаарынын жана 176 айыл округдарынын өкүлдөрү катышышты.

175 респондент ЖӨБ органдарынын жетекчилерин шайлоого "Макул" деп айтышты, бул 87,5%ды түзөт. Дайындоону 25 респондент (12,5%) жактады.




Башчыларды жана мэрлерди дайындоо керек деп эсептеген респонденттердин жалпы санынан (25 адам) экөө Президент дайындоосун (8%), төртөө премьер-министр дайындоосун (16%) жана 19у аким дайындоосун (76%) айтышкан.


Сурамжылангандардын бешөө гана ЖӨБ органынын жетекчиси кызматына талапкер жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын арасынан көрсөтүлүүгө тийиш деп эсептешет.


Респонденттерге башчынын же мэрдин кызматына талапкерди сунуш кылуу ыкмасын тандоо сунуш кылынган. Талапкерлерди сунуш кылуунун эң популярдуу варианты "Коомчулук тараптан" варианты (41%) болуп калды, экинчи орунда - "Аким тарабынан", үчүнчү – "Өзүн өзү көрсөтүү" (18%).

ЖӨБ башчыларын шайлоо системасы маселеси эң талаштуу болуп калды. Бардык респонденттерге төмөнкү варианттардын бирине артыкчылык берүү сунуш кылынды:

- калк тарабынан түз шайлоо;
- жергиликтүү кеңештердин депутаттары тарабынан кыйыр шайлоо.

Сурамжылоо шайлоолор системасына мамиледеги айырма олуттуу эмес экендигин жана 1 добушту гана түзгөндүгүн көрсөттү. **88 респондент** ЖӨБ органдарынын жетекчилерин калк тарабынан түз шайлоого «МАКУЛ», бул 50,3%ды түзөт. **87** респондент **жергиликтүү кеңештердин депутаттары тарабынан шайлоону жактаган** (49,7%).







Сурамжылоонун натыйжалары Кыргызстанга ЖӨБ органдарынын шайлануучу жетекчилери кереги жөнүндө билдирүүгө негиз берет, ал:

- ЖӨБ органдарынын калк астында отчеттуулугун күчөтөт,
- ЖӨБ органдарынын ачыктыгын өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт,
- ЖӨБ органдары менен калктын ортосундагы натыйжалуу диалогду түзүүгө өбөлгө болот,
- Конкреттүү калктуу пункттун калкынын өзү аныктаган приоритеттерге ылайык, ЖӨБ органдарынын ишин жакшыртат.


Принципиалдуу маселеде – ЖӨБдүн аткаруучу-башкаруучу органдарынын жетекчилерин шайлоо же дайындоодо – **бардык аймактындор шайлоого артыкчылык беришет**, ырас, айрым чоң эмес айырмачылыктар да бар. Атап айтканда, Чүй облусунун респонденттери максималдуу даражада **шайлоолорго "макул"**, ал эми Баткен менен Талас облустарынын респонденттери ЖӨБ жетекчилерин дайындоого лоялдуураак болушту.

Сурамжылоо шайлоолордун ыкмасына карата аймактык көз караштан алганда, олуттуу айырмачылыктарды аныктаганын белгилеп кетүү керек. Мисалы, Баткен облусунун респонденттеринин 90%ы жергиликтүү кеңештердин депутаттары тарабынан шайлоого добуш беришти, ошол эле учурда Талас облусунда мындай жооптор 20 пайыз, Ош, Чүй облустарынын шаарларында добуштар тептең бөлүнүштү.

Бул Кыргызстан жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасынын конкреттүү аймактын менталитетине, салттарына жана реалийлерине толугураак жооп берген, аймактардын өздөрүн аныктоосунун вариантын карай ала тургандыгы жөнүндө айтып турат.




**Түз шайлоолорбу же жергиликтүү кеңештин депутаттары тарабынан шайлоолорбу? (маалымат % менен көрсөтүлгөн)**




Корутунду катарында, респонденттер ЖӨБ органдарынын жетекчилеринин шайлануучулугу жөнүндө жактап айтышкандыгын, бирок шайлоо ыкмасы жөнүндө пикирлер аймактарда олуттуу айырмалангандыгын белгилеп кетүү керек. Анын ичинде, ЖӨБдөрдүн аткаруучу-башкаруучу органдарынын жетекчилеринин кызмат орундарына талапкерлер кимдер тарабынан көрсөтүлүшү керектиги жөнүндө пикирлер да бар.

**Талапкерлерди көрсөтүү ыкмалары (аймактык бөлүнүштөрдө)**



Биздин бардыгыбыздын алдыбызда маанилүү кадам жасоо – өлкөнүн жаңы Конституциясынын тагдырын чечүүчү референдумга катышып, өз добушубузду берүү милдети турат. Эң негизги мыйзам катары, Конституция, жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрдү, биздин жашообуздун бардык эрежелерин, анын ичинде, жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасысынын чектерин түзөт. Коомдук уюмдардын жана көз карандысыз эксперттердин бирдиктүү аракеттери менен, жаңы Конституциянын мурдагы Конституция менен болгон маанилүү айырмачылыктарынын кыска обзор , коомчулуктун бардык өкүлдөрүнө жаңы Конституция ЖӨБ системасынын негизине кандай база коюп, кандай жаңы мүмкүнчүлүктөр менен камсыздап жаткандыгын айкын териштирип алуусуна көмөк катары даярдалды. Басылманын биринчи бөлүгү так ушул суроолорго арналган.

Аталган басылма биринчи кезекте ЖӨБ тармагындагы кызматкерлерге жана көз карандысыз эксперттерге багытталган. Биз ЖӨБ системасынын эртеңки келечеги тууралуу талкууга активдүү катышууңузду өзгөчө баалайбыз, себеби сиз жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бардык өзгөчөлүктөрүн жакшы билесиз жана сиз калктын калың катмарына идеяларды жана реформаларды жеткирүүчү (ретрансляциялоочу) болуп эсептелесиз. Сиз азыркы мезгилде кайсы позициядан орун алгандыгыңыздан, Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүүсү жана децентралдаштыруусунун мындан аркы тагдыры көз каранды.



**Басып чыгаруучу: Өнүктүрүү саясат институту**

**Бул басылма БУУнун Өнүктүрүү Программасынын жана АКШнын Элчилиги астындагы Демократиялык комиссиянын каржылоосу менен жарык көрдү. Басылмадагы айтылган ойлор жана көз караштар каржылоочу тараптардын ойлору жана көз караштары менен сөзсүз эле дал келе бербейт.**